ЖАШТАР
саясий партиясы
721400 Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад обл., Таш-Көмүр ш. Батыркулов көч., 5-үй, ИНН 01310201610169, e-mail: jashtar_sp@mail.ru

«19» 03 2022-ж/г № 08

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин төрагасы
Т.Т.Мамытовго

Кыргыз Республикасынын
Улуттук коопсуздук комитетинин
төрагасы
К.К.Ташиевге

Кыргыз Республикасынын
Башкы прокурору
К.Т.Зулушовго

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-14/628
«20» 03 2022

Кыргыз Республикасынын шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
төрагасы
Н.К.Шайылдабековага

Өзүңүздөргө белгилүү болгондой өлкө башчыбыз С.Н.Жапаров адилеттүү, таза шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө болгон күчүн жумшап жатат. Ал эми Сиздерди, шайлоо өнөктүгүн уюштурууда, өткөрүүдө мыйзамдуулуктун гаранты деп билебиз. Тилекке каршы акыркы убактардагы «Жаштар» саясий партиясынын Таш-Көмүр шаардык бөлүмүнүн дарегине шайлоо өнөктүгүнүн алкагында жасалган негизсиз каралоо аракеттерге тиешелүү органдар тарабынан (БШК, АШК, шаардык прокуратура) ыкчам чаралардын көрүлбөшүнүн натыйжасында коомчулукта ар түрдүү суроолор жаралып жатат. Бүгүнкү күндө шайлоо өнөктүгүнүн үгүттөө учуру жүрүп жаткандыгына байланыштуу мындай жоопкерчиликсиз мамиледен «Жаштар» саясий партиясынын үгүт иштерине терс таасирин тийгизип жатат. Мындай ыңгайсыз көрүнүштөр бизди күндөн-күнгө тынчсыздандырууда.

Бүгүн 19.03.2022-жылы «Жаштар» саясий партиясынан депутаттыкка талапкер С.Кудайбердиев менен БШКнын кызматкери Айтикеев Төлөгөн Ороскулович телефон аркылуу байланышып, сүйлөшүү учурунда партиянын Таш-Көмүр шаарынын жергиликтүү Кеңешине 10.04.2022-жылга дайындалган шайлоого катышуу үчүн АШКга берилген тиешелүү билдирүүсүнүн 05.02.2022-жылда

берилгендигин эскертип, аны одоно мыйзам бузуу деп сыпаттап бул үчүн «Жаштар» саясий партиясын шайлоо өнөктүгүнөн четтетүүгө алып келээрдигин эскерткен. Ошондой эле С.Кудайбердиевди өз каалоосу менен депутаттыкка талапкерлигинен баш тартууга үндөгөн жана бул үчүн ал «Жаштар» саясий партиясын шайлоо өнөктүгүнөн четтетпесин убада кылган (аудио жазуу тиркелет). Өз учурунда мындай көрүнүштү «Жаштар» саясий партиясы берилген ыйгарым укуктарынан аша чабуу, шайлоо өнөктүгүнө кийлигишүү, опузалоо, шайлоо өнөктүгүндө кайсыл бир тараптын пайдасына артыкчылык берүү аракети катары кабыл алат.

Мындан сырткары «Жаштар» саясий партиясынын Таш-Көмүр шаарындагы бөлүмүнүн 11.03.2022-жылдагы №04 сандуу чыгыш катына БШК тарабынан партиянын электрондук дарегине **«Сиз АШК кайрылууңуз кажет, анан алардын чечимине макул болбосоңуз БШКга жазасыз»**-деген официалдуу эмес түрдө жооп менен чектелгендигин, АШК биздин кайрылууну шаардык прокуратурага жолдоп гана койгондугун, ушул күнгө чейин тиешелүү чечим кабыл албагандыгын жана керек учурда кээ бир кайрылуулар түздөн-түз БШКга жолдонгондугун ошол эле учурда БШК тарабынан көрүлгөн түрдүү аракеттерди эске алганда кош стандартта иш алып бара жаткандай туюлуп, шайлоо мыйзамдарынын талаптары анын ичинде талапкердин укуктары корголуусу багытында өзгөчө күмөн жаралууда. Мыйзамдын талаптарында БШК кайсыл бир талапкердин партиянын тизмесинен чыгарууда каалаcа АШК, кааласа БШК жыйынында кароонун түшүндүрмөсүн билгибиз келет.

Андыктан, Сиздерден БШКнын кызматкери Айтикеев Төлөгөн Оросқуловичтин аракетине баа берүүңүздөрдү жана шайлоо мыйзамдарынын талаптары анын ичинде талапкердин укуктары корголуусу багытында өзгөчө көңүл буруп, адилеттүү, таза шайлоо өткөрүүнү камсыздап берүүңүздөрдү өтүнөбүз.

«Жаштар» саясий партиясынын
ыйгарым укуктуу өкүлү — А.Усекеев

«Жаштар» саясый партиясынын
координатору — К.Сооронбаев